**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Рано Тохтасиновна Юлдашеванын кызыкчылыгын көздөгөн Жылдызкан Турумбековна Кадырованын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2020-жылдын 5-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ч.А. Айдарбекова, А.О. Нарынбекова, Ж.И. Саалаев, сот отурумунун катчысы С.Н. Акишеванын катышуусунда Рано Тохтасиновна Юлдашеванын кызыкчылыгын көздөгөн Жылдызкан Турумбековна Кадырованын өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2020-жылдын 31-январында Р.Т. Юлдашеванын кызыкчылыгын көздөгөн Ж.Т. Кадырованын Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 352-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3 жана 8-пункттарына карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, Ош шаардык сотунун 2016-жылдын 8-декабрындагы чечими менен М.М. Юлдашевдин арызы канааттандырылып, ал Ош шаарынын Токтогул көчөсүндөгү №50 үйдүн ½ бөлүгүнө мураскор деп табылып, аталган жарандын менчик укугунда көрсөтүлгөн мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө фактысы анык деп табылган.

2018-жылдын 22-мартында М.М. Юлдашев каза болуп, анын жубайы Р.Т. Юлдашева мыйзам боюнча мураска ээ болуу укугу жөнүндө күбөлүктүн негизинде жогоруда белгиленген мүлккө ээ болгон.

Ош облустук сотунун 2019-жылдын 27-февралындагы аныктамасы менен А.М. Юлдашевдин (М.М. Юлдашевдин агасы) апелляциялык даттануусу канаттаандырылып, апелляциялык даттануу мөөнөтү калыбына келтирилип, Ош шаардык сотунун 2016-жылдын 8-декабрындагы чечими жокко чыгарылган.

Кайрылуу субъекти белгилегендей, бардык соттук отурумдарга М.М. Юлдашевдин жубайы Р.Т. Юлдашева кабарланбагандыктан катышпай, сот иште тарап же башка катышуучу катары тартылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту өзүнүн 2019-жылдын 13-августундагы аныктамасында талашылып жаткан ченемге шилтеме келтирип, Р.Т. Юлдашева иш боюнча тарап же ишке катышуучу башка жак катары өтпөйт жана сот аныктамасы менен ишке тарап катары тартылган эмес деп белгилеп, Р.Т. Юлдашеванын кассациялык даттануусун өзүнө кайтарган.

Ж.Т. Кадырованын пикири боюнча, жогоруда келтирилген жагдайлар түздөн-түз Р.Т. Юлдашеванын укугуна таасир этип, ал кассациялык даттануу менен кайрыла албагандыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3, 8-пункттарында каралган жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу жана соттук коргонуу укуктарын чектейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, кайрылуу субъекти Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 352-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3 жана 8-пункттарына ылайык келбейт деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүүнү жүргүзгөн судья Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык аталган

конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген кайрылуу Конституциялык палатада карала турган иш болуп эсептелет.

Судьялар коллегиясы киргизилген материалдардан Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 352-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу байкалат жана бул ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз бар деп эсептейт.

Р.Т. Юлдашеванын кызыкчылыгын көздөгөн Ж.Т. Кадырованын өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 20, 21, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Рано Тохтасиновна Юлдашеванын кызыкчылыгын көздөгөн Жылдызкан Турумбековна Кадырованын Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 352-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.
2. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ч.А. Айдарбекова

А.О. Нарынбекова

Ж.И. Саалаев